- 6 жаштагы балдардын кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, окутуу, тарбиялоо жана өстүрүү процессин уюштуруу;
- жазуунун майда-булчуңдарды иштетүүчү кызматтарын жана жаза билүүсүн өнүктүрүү;
- айлана чөйрөнү таанып-билүүнүн табигый-илимий формасына (тажрыйба, изилдөө, эксперимент ж.б.) кызыгууну арттыруу;
- жөнөкөй логикалык ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүү;
- акыл калчап, жыйынтык чыгара ала билүүсүн калыптандыруу;
- сабактарда, оюндарда чыгармачылык шыгын жана ой-чабытын өстүрүү;
- организмдин физикалык мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу;
- адам үчүн ден соолукту чыңдоонун, коргоонун жана дене маданиятынын маанилүүлүгүн түшүнүүнү өстүрүү.

*Тарбиялоочу:*

- 6 жаштагы балдарда мекенчилдик сезимдерди, Мекени – Кыргызстанды, өз чөлкөмүн (айыл, шаар) сүйүүнү жана аны менен сыймыктанууну калыптандыруу;
- Кыргызстанда жашаган калкты урматтоого тарбиялоо;
- эмгекти жана чоң адамдардын эмгеги менен жаралган баалуулуктарды урматтоо;
- адептүү жүрүм-турумдун ченемдерин жана эрежелерин билүү жана урматтоо;
- мамиле кылуу сапаттарын, муктаждыктарын жана кызматташууга болгон жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу;
- мектеп окуучусуна тиешелүү сапаттарды (эмгекти сүйүү, чынчылдык, тыкандык, тартиптүүлүк) калыптандыруу;
- теңтуштарын, айланасындагы адамдарды урматтоого тарбиялоо;
- өз ара түшүнүшүү жана өз ара жардам берүү сезимин өркүндөтүү;
- мектептеги жана коомдогу жүрүм-турум маданиятынын ченемдерин жана эрежелерин балдарга сиңирүү;
- өз ара достук мамилени жана айланадагыларга өз ара оң мамиле жасоо көндүмдөрүн өстүрүү.